| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>АКСУУ РАЙОНУ<br><br>КАРАКОЛ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-СУЙСКИЙ РАЙОН<br><br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АИЛНОГО АЙМАКА<br>КАРАКОЛ |
|---|---|---|

Каракол айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин
депутаттарынын XXIX-чакырылышынын III сессиясы

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

_24.01_2025-ж №_8_ Каракол айылы

**Каракол айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу тартиби жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө**

Каракол айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Эмил уулу Арстанбектин сунушу, Каракол айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин этика, мыйзамдуулукту, социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясы тарабынан каралып, чечими Каракол айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин III сессиясына сунушталган.

Жыйынтыгында, 21.01.2025-жылдагы туруктуу комиссиянын чечимин жана башка депутаттардын сунуштарын, ой-пикирлерин угуп жана талкуулап, Каракол айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XXIX-чакырылышынын III сессиясы

**токтом кылат:**

1.Жогорудагылардын негизинде, туруктуу комиссиянын 21.01.2025-жылдагы чечими жактырылсын жана ага ылайык:

- Каракол айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу тартиби жөнүндөгү жобо бекитилсин;

2.Мындан ары Каракол айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу жогоруда бекитилген Жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

3.Бул токтомду аткаруу жагы Каракол айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Эмил уулу Арстанбекке тапшырылсын.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө этика, мыйзамдуулукту, социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Р.Урсеитовага тапшырылсын.

5. Токтом мамлекеттик тилде кабыл алынды.

6.Бул токтомду мыйзам чегинде каттоодон өткөрүүгө мамлекеттик юстиция башкармалыгына көчүрмөсү жиберилсин.

**Төрага** **Б.М.Алымбаев**

**Катчысы** **Ч.Садамбекова**